2. Typology of Kazakh folklore. Alma - Almaty: Publishing house "Science" of the Kazakh SSR, 1981. - 308 P.
3. historicism of Kazakh folklore. - Almaty: nauka, 1993. - 328 P.
4. Manas: documents / collection of documents / Tiz.: / Comp. A. Akmataliev, A. Isaev, M. K-lbayeva, R. Syrdybayeva, P. Abdybayeva,
5. cubicles. A poem of heroes. Alma-Zhazushi: writer, 1964. volume 3. - 540 p.
6. Kaskabasov S. A. a man crossed with death (ancient mythological semantics of the legend of Korkyt) // Zvezda. 1989. No. 8. pp. 192-195
7. O. Murodov Some folklore genres associated with the ancient beliefs of the Tajiks / / Folklore and ethnography. Leniengrad: Nauka, 1977. - 82-91 p.
8. Poem of heroes. Volume 1. - Almaty: writer, 2006. - 256 p
. 9. Kenzheakhmetovich S. traditions and customs of the Kazakh people. Almaty: "Almatykitap" 2007. - 284 P., photo.
10. Encyclopedic collection "Korkyt ata": in 7 BOOKS: Sh. Ibraev eternal heritage. Editor-in-chief A. Nysanbayev-Almaty: The main editorial office of the " Kazakh Encyclopedia – - 1999 . 798 p .
11. vol. 3: the poem of heroes. - 1987. - 304.
12. poem of the Batyrs: volume 4, - Almaty: - writer, 2007. p. 320.
13.poem of heroes. Vol. 2. - Almaty: Kazmemkorkemadebbas, 1961. (Kaz. Academy of Sciences of the USSR. Literary art named after M. O. Auezov, in - t). Compiled by: Candidates of Philological Sciences M. G. Gumarova, O. A. Nurmagambetova, B. Uakhatov. p. 408.

УДК: 392+394.3+397+930.2+930.85+94(575.2)+ 947(572.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2021-2(2)-111-118

**Рысмендеева Н., Чоротегин Т. (Чороев)**
И.Арабаев атындагы КМУ, доценти милдетин аткаруучу,
Тарых илимдеринин доктору,Ж.Баласагын атындагы КУУ, профессор
**Рысмендеева Н.**, **Чоротегин Т. (Чороев)**
и.о. доцента, Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева,
Доктор исторических наук, профессор, Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына
**N. Rysmendeeva**, **T. Chorotegin (Tchoroev)**,
researcher, Acting Docent, Kyrgyz State University named after Ishenaly Arabayev,
Professor, Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn

# ОРДО ОЮНУНУН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА АЗЫРКЫ ТАПТАГЫ АБАЛЫ ТУУРАЛУУ
# О ПРОИСХОЖДЕНИИ И НЫНЕШНЕМ СОСТОЯНИИ ИГРЫ ОРДО
# ON THE ORIGIN AND CURRENT STATE OF THE ORDO GAME

**Аннотация:** «Ордо» элдик оюну кыргыз элинин заттык эмес нукура маданиятынын маанилүү эстеликтеринин бири. Ал жаштарга дене тарбиясын берүү салттары менен да, жаш муундардын мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү саясий билимдерин чыңдоо менен да

байланыштуу. Макалада чүкө оюндарынын бул түрүнүн келип чыгышы, эволюциясы жана сакталышынын азыркы абалы менен байланышкан көйгөйлөр чагылдырылган.

**Аннотация:** Народная игра “Ордо” является одним из важных памятников самобытной нематериальной культуры кыргызского народа. Она связана с традициями как физического воспитания молодежи, так и с приумножением у молодых поколений политических знаний о государственном устройстве. В статье отражены вопросы, связанные с происхождением, эволюцией и современным состоянием сохранения данного вида игры в альчики.

**Abstract:** The folk game "Ordo" is one of the important monuments of the original intangible culture of the Kyrgyz people. It is connected with the traditions of both the physical education of young people, and with the increase in the younger generations of political knowledge about the state structure. The article reflects issues related to the origin, evolution and current state of preservation of this type of the game of Astragalus (Knucklebones).

**Негизги сөздөр:** Ордо, чүкө, чүкө оюндары, кыргыздар, үрп-адат, каада-салт, “Манас” эпосу, этнография, заттык эмес маданият, элдик оюндар, саясий билим, заманбап мамиле, Кыргызстан, Борбордук Азия

**Ключевые слова:** Ордо, чюкё, игры в альчики, кыргызы, обычаи, традиции, эпос “Манас”, этнография, нематериальная культура, народная игра, политические знания, современные подходы, Кыргызстан, Центральная Азия

**Keywords**. Ordo, chuekeo, astragalus games, Kyrgyz, customs, traditions, the “Manas” epic, ethnography, intangible culture, folk games, political knowledge, modern approaches, Kyrgyzstan, Central Asia.

Чүкө оюндары бүтүндөй Евразия калктарында ойнолуп келген байыркы элдик оюндардын катарына кирет[1].

Чүкө оюндары узак мезгил аралыгында улам кийинки муун тарабынан маани-мазмуну жагынан байытылып, өнүктүрүлүп, жаңыланып, жаңы оюндар менен толукталып келген. Аталган оюндар алгач үй ичинде ойнолуучу оюндар болгон, бара-бара балдардын кыймылдуу оюндарына өсүп чыккан. Ал жаштардын оюн-зоок көңүл ачуусунун элементине айланып отуруп, жыйналып, жыйынтыкталып, чүкө оюндарынын эң толумдуусу – ордо оюнуна өсүп жеткен[2].

Ордо оюнунда чүкө оюндарына тиешелүү дээрлик бардык оюн ыкмалар, эрежелер камтылган. Башкача айтканда, ордо оюну чүкө оюндарынын туу чокусу – энциклопедиялык жыйындысы десек болот.

Ордо оюну кыргыз улутунун жалпы элдик оюндарынын бири[3].

Көптөгөн түрк жана монгол элдеринде, айрым тажиктерде көк бөрү оюнунун ар кыл түрлөрү ар кыл аталыштарда сакталган. Ал эми ордо оюну кыргыз улутунун өзүнө гана тиешелүү кайталангыс, өзгөчө элдик оюнуна кирет.

Мындай кайталангыс маданий көрүнүш катары салыштыруу үчүн кыргыз элинин баатырдык «Манас» эпосундагы маалыматтарды да мисалга келтирүүгө болот. Демек, «Манас» эпосу кыргыз элине гана таандык эпос болгон сыяктуу эле, жалпы чүкө оюндарынан өнүгүп чыккан ордо оюну да кыргыз элинде гана ойнолот жана Евразиядагы башка эч бир этносто элдик оюн катары кездешпейт[4].

"Манас" эпосун айтуу өнөрүнүн жана ордо оюнунун өзөктүк жалпылыктары, окшоштуктары бар. Эпостогу негизги идея – элдин азаттыгы, мамлекеттүүлүк, мындагы ар бир жарандын алган орду эпикалык өңүттөн баяндалса, ордо оюнун мазмуну аталган идеянын оюн эрежелеринде чагылдырылышы десек болот.

Андыктан, чүкө оюндарынын башка түрлөрүнө караганда «Ордо» оюну тууралуу маалымат көбүрөөк сакталгандыгын ар кыл булактардан байкоого болот. Тарыхчы жана этнограф Б.Солтоноев айткандай, оюндардын ичинде кыргыздын эң биринчи жакшы көргөнү жана көп ойногону – ордо оюну болгон.

**Негизги бөлүм**

Ордо – дасыккан, машыккан жигиттердин, эрлердин оюну. Аны кичине, тестийер балдар ойнобойт. Аларга эч ким деле тыюу салбайт, бирок, бул оюндун салт катары сакталып келген жазылбаган мыйзамдары бар, ага ылайык ордо оюнунда ойноочулардын куруктык өзгөчөлүгү эске алынган. Ордо оюнун көп ойнодум, мен билгени, кичине балдар ордо ойногонун көргөн эмесмин, – дейт Жумадил Акматов (Көк-Токой айылынын тургуну, 1948-жылы туулган, кушчу уруусунан; Талас району, Талас облусу, Кыргызстан).

"Ордо оюну" сөзүнүн өзүнүн этимологиясына кайрылсак, ордо оюну – кыргыздын байыркы улуттук оюндарынын бири. Бул оюн жалгыз гана кыргыздарда, кыргыз коомунда ойнолот жана чыгыш теги жагынан байыркы аскер турмушун, жашоосун чагылдырат. Оюндун атындагы "ордо" сөзү туюнтуп тургандай, ал «борбор», «хан ордосу», экинчи бир маанисинде «борбор шаар» дегенди дегенди билдирет[5].

Жалпы "ордо" сөзү орто кылымдардагы түрк элдери үчүн орток болгон. VIII–XI кк. Ордо-Балык, Куз-Ордо, Ордокент, Ордо (Орду) сыяктуу шаар аталыштары да бар болгон[6].

Ордо деген аталыштын түрк элдеринде шаар, борбор, хан ордосу деген түшүнүктөр менен орто кылымдардын эрте мезгилинен бери үндөшүүсү тарыхый булактарда тастыкталган.

Демек, ордо оюну башка бир катар жөнөкөй чүкө оюндарына салыштырмалуу кийинчерээк, б.а. хан ордосуна байланыштуу мамлекеттик негиз түптөлгөндө ойноло баштаган оюн деп карасак болот. Бирок бул оюн кайсы бир конкреттүү кылымда жаралган деп бүтүм чыгарууга азырынча колдо болгон жазма булактар мүмкүнчүлүк бербейт.

Бул оюн элди, коомду кантип башкарып, аны багыттоонун, коргоонун жолдорун аныктоо менен байланыштуу экендиги шексиз.

«Манас» эпосунда ордо оюнунун келип чыгышына байланышкан уламыш камтылган айрым саптар кездешет. Алардын биринде:

"Баштаптыр Манас ордону.

Ордо деген оюнду

Бизге мурас койгону", - деп «Манастын» Жусуп Мамай айткан вариантында ушундайча айтылат[7].

Мындан биз кыргыз элинин тарыхый-уламыштык эс тутумунда ордо оюну «хан Манастан мурасталып калган» деген жоромол да сакталган деп бүтүм кылышыбыз мүмкүн. Бирок бул эпостук доор – биздин заманга чейинки I миң жылдыкта алгачкы мамлекетти түптөгөн көөнө кыргыздар доорубу, же андан кийинки Энесай Кыргыз каганаты доорубу?

Бир беткей бүтүм чыгарууга эрте. Тек, айтаарыбыз, бээжиндик профессор Ю Тайшан 2019-жылы шардана кылган илимий гипотезага караганда, байыркы кыргыздар кытай булактарында алгачкы жолу б.з.ч. X кылымдагы кытайлык бир чакан падышалыктын

падышасы Му-вандын Ички жана Борбордук Азияга уламыштык саякаты[8] менен байланыштуу эскерилген.

«Манас» эпосунун кыргыз эли үчүн маанисин, анын дүйнөлүк маданий-руханий бай казынада алган салмактуу ордун, мында айтылган ар бир эпизоддун, сюжеттин, каармандын канчалык олуттуу мааниге ээ экендигин эске алганда, “ордо оюну да Манастын доорунан бери ойнолуп келет”, деген манасчынын көркөм жоромолун түшүнүүгө болот.

Арийне, бул оюн эпостун башкы кейипкерине гана байланышпастан, андан да мурда чыгышы деле ыктымал болгон, деген пикирди айтуу менен бирге, ордо оюнунун «Манас» эпосу менен болгон түздөн-түз байланышын эч танууга болбойт. “Манас” эпосунун бизге жеткен бир нече вариантында ордо оюну тууралуу сөз кылынат.

Бул эки феноменди өз ара байланыштырып, бир катар түшүндүрмөлөрдү берсек болот. Маселен, биринчиден, «Манас» кыргыз элине гана тийешелүү болгондугу ырас; ал эми ордо оюну – кыргыздарда гана ойнолуп калган; экинчиден, эпостун байыркылыгына (анын жаралуу датасын так эч ким айта албайт, болгону, болжолдуу гана баскычтар айтылып келет), эпостогу мифтик элементтердин сакталуусуна негизделүү менен чүкө оюндары, анын ичинде ордо оюну «Манас» эпосу[9] менен үндөшүп турат.

Кандай гана болбосун, «Манас» эпосунун да, ордо оюнун да башка бир да тектеш элдерде кездешпегендиги (эки түшүнүк тең мамлекеттүүлүктүн, хан ордонун чагылдырылышы) эриш-аркакталган мааниси жатат. «Манас» эпосу да, ордо оюну да көчмөн кыргыздардын турмуштук тажрыйбасынын салттуу материалдык-маданий мурастарда чагылдырылышы. ««Манас» эпосу кыргыз элинин урууларынын өткөн кылымдардагы этнографиялык турмушунун жана мифологиясынын энциклопедиясы эмес, ал – кыргыз коомунун далай кылымдар бою башынан өткөргөн реалдуу тарыхый окуяларын көркөм чыгарма аркылуу билдирген баян болуп эсептелет», - деп белгилүү окумуштууларыбыздын бири Б.Юнусалиевдин[10] айтканы бар.

Ордо оюнунун мамлекеттик деңгээлде олуттуу мааниси бар экендигинен кабар берип турат. Андыктан балдарды кичинесинен эле чүкө оюндары аркылуу жоокердикке, элин, жерин коргогон эр жүрөктүүлүккө тарбиялап келишкен. Ар түрдүү чүкө оюндарды: Үч тапан, Жедирмек, Ашык, Кен, Кан таламай, Упай ж.б. ойноо аркылуу бала баралына келгенде ордо оюнун ойноого даяр болгон. Ордодо бүт мамлекет маселеси, мамлекеттик ой толгоо, мамлекеттик баалуулуктар камтылган, башкача айтканда, хан тургандан кийин мамлекет түзүлүп калган учур. Демек, ордо оюну башка чүкө оюндарына салыштырмалуу кечирээк пайда болгон деп толук ынанымдуу жоромол чыгарууга болот.

Ордо оюну көчмөндүк турмуштагы элдин жашоосунун социалдык-саясий тутумдук бөлүгүнө айланып калган, андыктан көчмөн-жоокердик заманды чагылдырып турат. Белгилүү болгондой, көчмөндүк жашоо образы коомдун ар бир мүчөсүнүн мыкты дене тарбиялык турумда жана аскердик даярдыкта болуусун талап кылгандыктан, болочок жоокерди кичине кезинен эле мына ушул нукта тарбиялашкан.

Тарбиялоонун эң таасирдүү ыкмасы катары оюн эсептелгендиктен, көчмөн оюндары оюн-зооктун мүнөз күткөнү менен, мында балдарды физикалык жана руханий тарбиясына басым жасалган, башкача айтканда, бардык аракеттер элин-жерин коргогон жоокерди даярдоого багытталган.

Ордо оюнунун келип чыгышына түшүндүрмө иретинде төмөнкүдөй жоромолду айтсак болот: мезгилдин өтүшү менен айрым көчмөн калктар отурукташып, алардын коомдук-социалдык турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп турган.

Оюндар коомдук-социалдык мүнөзгө ээ болгондуктан, мындай өзгөрүүлөр оюндарга да таасир эткен; жер иштетүү, кол өнөрчүлүк ж.б. ишмердиктер өнүгүп, малчылык сүрүлүп отуруп көмөкчү чарба катары мурунку маанисин жоготкон; ал эми көчмөндүк жашоо бейнеси дээрлик XX кылымдын башына чейин сакталган кыргыз элинде шаарлары сепил менен курчалып корголбогондуктан, капыстан келүүчү коопсуздуктарга даяр болушу үчүн коомду коргоочу жоокерди кичине кезинен тарбиялап өстүрүү табигый зарылдык болгон.

Мына ушундай зарылдыктан улам көчмөн кыргыздарда ордо оюну келип чыккан деп айтууга болот.

Падышалык Орусия Түндүк Кыргызстанды басып ала баштаардан бир жыл мурда, Байсоорун жайлоосундагы ордо оюнундагы бир чырдуу окуя 1854-жылы бугу жана сарыбагыш урууларынын жаңжалы үчүн шылтоо болгону да маалым[11].

Узак мезгил аралыгында салттуу ордо оюну өнүгүп келген. Совет мезгилинде аталган оюн эскинин калдыгы катары сынга алынган, бирок кайрадан жандандырылып, советтик спорттун түрү катары өнүктүрүлө баштаган. 1927-жылы Казань шаарында болуп өткөн Совет мамлекетинин дене тарбия кеңешинин жогорку межилисинде улуттук оюндардын ден соолукка тийгизген таасиринин абдан пайдалуулугун изилдөө жагы каралып, ошол мезгилдеги Кара-Кыргыз АССРинин улуттук оюну катары биринчилерден болуп ордо классификацияга кирген. Бул – ордонун расмий спортко койгон биринчи кадамы эле[12].

Согуш мезгилинен кийин улуттук оюндарды өнүктүрүүдө 1949–1953-жж. аралыгында өткөрүлгөн улуттук спорт оюндарынын спартакиадасы олуттуу салым кошту. 1949-жылы өткөрүлгөн Кыргыз ССРинин улуттук спорттук оюндар боюнча 1-спартакиадасында күрөш, оодарыш, тогуз коргоол жана ордо боюнча бардыгы болуп 223 спортсмен катышып, ордо оюну боюнча биринчиликти Тянь-Шань облусунун (азыркы Нарын облусу) курамасы алды[13].

Чет өлкөлөрдөгү кыргыздар отурукташкан аймактар кайсы өлкөдө жайгашпасын, көп калктуу ири мамлекеттин чордонунда ассимиляциялашып жок болуп кетпестен, улуттук дүйнө таанымды калыпка салып, узак аралыкта мезгил мерчемине элдик салт-санаанын мыйзамдарын бекем сактап келишет.

Этносту таанытуучу маданияттын үлгүлөрү чет өлкөлүк кыргыздарда мыкты сакталган. Мындай көрсөткүчтөрдүн бири катары элдик оюндарды алууга болот.

Кытай Эл Республикасындагы көрүнүктүү этнограф, тилчи, фольклор таануучу, профессор Мамбеттурду Мамбетакун[14] Кытайда жашаган кыргыздарда ойнолуучу улуттук оюндардын тагдыры тууралуу мындай дейт: «Кытай кыргыздарында ордо оюну байыртадан бери ойнолуп келгени менен, 1965-жылдан кийинки «солчул» саясий багыттын таасири менен улуттук оюндардын изи сууган. 1979-жылдан кийин салттык оюндарга жол берилип, эң баштабында ат чабуу менен көкбөрү, андан кийин ордо, эр эңиш, тыйын эңмей, бети калды оюндары жандана баштады».

Чынында эле, КЭРде 1966–1976-жж.  болуп өткөн «Маданий төңкөрүш», «Солчул саясий багыттын» таасири өлкөнүн саясий-экономикалык, илимий, маданий өсүүсүнө өз кедергисин тийгизген. Бүгүнкү күндө Кытайда жашаган 56 майда улуттардын арасында кыргыздардын өз орду бар. «Кытайда жашаган кыргыздардын саны бүгүнкү күндө 200

миңден ашуун. Алар Кытайга 1916-жылы көчүп келишкен деп айрымдар туура эмес түшүнүп жүрүшөт. Кыргыздар качан Алтайдан келгенде, алар да Торугат, Эркештам, Беделден өтүп, ал жакта отурукташып калышкан» - дейт профессор А.Асанканов[15].

Ордо оюну бүгүнкү күндө жаңыланып, заманга ылайык жаңы эрежелери кабыл алынууда, башкача айтанда ордо оюну методологиялык жактан иштелип чыгууда. Бул жаатта М.Т.Абдуллаев өз салымын кошуп, «Ордо оюнунун теориясы жана усулу» деген эмгегин жазып чыкты. Мында автор ордо оюнунун эрежелери, ордо оюнунун түрлөрү тууралуу баалуу маалымат берген.

Кыргызстандык Маматсабыр Тургунбай уулу Абдуллаев «Ордо» методикалык колдонмосун жазган. Аталган колдонмо[16] Кыргызстандын түштүгүндөгү шартка ыңгайлашып жазылгандыктан, ордо боюнча секцияларда, топтордо колдонуусунда практикалык мааниге ээ.

1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгон соң, кыргыз элинин маданияты жаңы өмүргө ээ болду. Ордо оюнунун мезгилдин талабына ылайык жаңы түрлөрү пайда болду. Совет мезгилинде дээрлик унутта калган чүкө оюндар бүгүнкү күндө жандандырылып ойнолуп, аларды ар өңүттөн иликтөө иштери кызуу жүрүүдө.

Мындай көрүнүш улуттук оюндардын башка түрлөрүнө да тиешелүү.

Маселен, Кыргызстанда эгемендик доорунда «Ордо» федерациясы негизделип, Дене тарбия институтунда Улуттук спорт оюндары кафедрасы түзүлүп, окуу жайынын билим берүү программасына «Упай», «Ордо» оюндары киргизилип, аларды окутуунун усулдары иштелип чыккан. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун батыш тарабында ордо аянты (Улуттук Ордо борбору) курулган.

Дүйнөлүк коомчулук да жалпы көчмөн элдердин салттуу оюндарына көңүл бура баштады. 2014-жылы I Бүткүл Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Кыргызстанда болуп өттү. 2016-жылы II Бүткүл Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын да Кыргызстанда өтүшүнүн да тарыхый оңтойлуу жагдайлары бар.

Ордо оюнунун бүгүнкү күндө жандануусуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Улуттук спорттун түрлөрү тууралуу» мыйзамынын кабыл алынышы[17] өзүнүн оң таасирин тийгизген.

Бул мыйзам ордо оюну гана эмес, жалпы эле улуттук уңгуну сактап келген элдик оюндарды өнүктүрүүдө чоң салым кошту. Бул мыйзамдын негизинде Кыргызстандын Улуттук спорт комитети бир катар иш-чараларды өткөрүп, ордо оюнун илимий өңүттөн иликтөөгө аракеттерин көрүүдө.

Жалпыласак, кыргыздар (ар башка өлкөлөргө чачырагандыгына карабастан, же, тактап айтканда, алардын тарыхый жалпы мейкиндиги кийинчерээк ар башка өлкөлөрдүн курамында жиктелип калганына карабастан), кылымдар бою ордо оюнун аздектеп сактап, ырааттуу ойноп, муундан-муунга кастарлап өткөрүп келишкен.

Эгемен Кыргызстанда ордо оюну борбордошкон жана жаңыртылган эрежеге ылайык сакталып, андан ары өнүгүп жатат.

Бирок бул расмий жаңыртылган эрежелер менен чектелбестен, ордо оюнунун Евразиянын ар башка мамлекеттериндеги (Кыргызстан, Кытай, Ооганстан, Тажикстан, Өзбекстан, Түркия ж.б.) кыргыздардын жергиликтүү оюн катары өзгөчөлүктөрүн да ырааттуу изилдөө жана сактоо, бул оюнга байланыштуу терминдердеги диалектилик айырмачылыктарды каттап, иликтөө – замана талабы.

Ордо оюнун кыргыздын заттык эмес маданият мурасынын бир өзгөчө көрүнүшү катары ЮНЕСКОдо да расмий каттоого жетишүү абзел. Бул жаатта Кыргызстандагы бийликтер, элдик спорт журтчулугу гана эмес, жарандык коомдун, медианын кеңири өкүлдөрү, ЮНЕСКО сыяктуу эл аралык шериктер да кол кабыш кылуусу алгылыктуу болмокчу.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алар тууралуу караңыз: Алтай ойындар / Сост. В. П. Ойнашев, М. П. Чочкина; Аманжолов У. Асықтар және Ләңгі; Бямбарагчаа Г. Об одной из традиционных игр…; Бутанаев В. Я. Хакасские национальные игры в кости; Джикиев А. Традиционные туркменские праздники…; Калмыков Б. Х. Традиционные виды игр у ногайцев; Касенов А. Кыргызские игры и развлечения; Ключева М. Марийская лексика игр с костями…; Курбанов А. В. Туркменские народные развлечения; Лещенко Н. В. Предметы из дерева и кости…; Молдагаринов А. В. Казахские детские игры; Нурмухамедов М. К. Игры в альчики у каракалпаков; Омурзаков Д., Мусин Ю. Киргизские народные игры; Ооржак Ж. Д.-Н. Тувинские народные подвижные игры; Самбу И. У. Тувинские народные игры; Сотникова С. В. Детские погребения с наборами альчиков и роль игры в обществах степного населения эпохи бронзы; Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы; Табалдыев К.Ш. Археологиялык изилдөөлөрдөгү байыркы оюндар…; Фиельструп Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов…; Чоротегин Т.К. Алгы сөз: Чүкөгө…; Чоротегин, Т.К. Махмуд Кашгари Барсканинин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги…; Шагапова Г.Р. Альчики и кости…; ж.б.

2. Караңыз: Абдуллаев М., Кийизбаев М., Акматов Ч. Улуттук оюндар; Какеев А.Ч. Ордо оюну…; Рысмендеева, Н. Кыргыз элинин чүкө оюндары…; Baytok, Aysel. Kırgız Türklerinin Bir Savaş Oyunu… – ss. 52-67; ж.б.

3. Кыргыз элдик оюндары тууралуу: Симаков Г.Н., Жапаров А.З., Илебаев А.К. Игры и развлечения… – С. 380–390.

4. Караңыз: Рысмендеева, Н. Кыргыз элинин чүкө оюндары. — Б. 101–117.

5. Каратаев О., Эралиев С.Б. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк – Б.240.

6. Ордо» топоними тууралуу караңыз: Древнетюркский словарь. – С. 370; Чороев Т.К. Топонимические данные Махмуда Кашгари... – С.107–144; Bosworth, C.E. and Morgan, D.O. Ordu; ж.б.

7. Жүсүп Мамай, 2014. – Б. 154; колдонулган башка варианттар тууралуу адабият тизмесинде берилди.

8. Караңыз: Yu Taishan. A Note on The Geographical Location of Jiankun...– P. 01–05.

9. “Манас” эпосу жаатында караңыз: Молдобаев И.Б. "Манас" - историко-культурный...; Чыныбаев Б. С. Историко-этнографические аспекты изучения эпоса..; ж.б.

10. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. – Б.395.

11. Караңыз: Kenčiev Japar. Die Sandschyra der Sarbagïš; Аттокуров С. Кыргыз санжырасы, 1995; ж.б.

12. М.Т.Абдуллаев бул жаатта бир катар эмгектер жарыялады. Ага өз макалаларын берген айкөлдүгү үчүн алкыш айтабыз.

13. Элдик спорт оюндары тууралуу толугураак караңыз: Саралаев М.К., Азизбаев С.С. История физической культуры и спорта…; Тагаев М.И. Развитие физической культуры и спорта; ж.б.

14. Мамбетакун. Мамбеттурду Жуңго кыргыздарынын ордо оюну. – Б. 26.

15. А.Асанканов Жуңго Шинжаң кыргыздары …; дагы караңыз: Каратаев, О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы.
16. Абдуллаев Тургунбай уулу Маматсабыр. Ордо. 1992.
17. Закон КР о национальных видах спорта, № 84 г. Бишкек, от 21 апреля, 2003 г. – URL: www.sport.gov.kg

**References:**

1. Look at them: Altai thoughts / soc. V. P. Altynashev, M. P. Pig; Amanzholov U. A fitness room has been opened in the city of Kara-Kul, Jalal-Abad region. About one of the traditional games...; Butanaev V. Ya. Khakass national dice games; Dzhikiev A. Traditional Turkmen holidays...; Kalmykov B. H. Traditional types of games among Nogais; Kasenov A. Kyrgyz games and entertainment; Klyucheva M. Mari vocabulary of dice games...; Kurbanov A.V. Turkmen folk entertainment; Leshchenko N. V. Objects made of wood and bone...; Moldagarinov A.V. Kazakh children's games; Nurmukhamedov M. K. Games in alchiki at Karakalpaks; Omurzakov D., Musin Yu. Kyrgyz folk games; Tuzhak Zh. D.- N. Tuvan folk outdoor games; Sambu I. U. Tuvan folk games; Sotnikova S. V. Children's burials with alchik sets and the role of the game in the societies of steppe enjoyment of the Bronze Age; Soltonov B. Kyrgyz history; K. Tabaldyev.Sh. Ancient games in archaeological research...; Fielstrup F.A. From the subcontracted life of the Kyrgyz...; Chorotegin T.K. Preface: Chorotegin...; Chorotegin, T.K. The work of Mahmoud Kashgari Barskani "Divanu lugati t-Turkish"...; Shagapova G.R. Alchiki and bones...; J.B.
2. See: Abdullaev M. Kiyizbaev M. Akmatov Ch. National Games; Kakeev A.Hour. Horde game ...; Rysmendeeva, N. Kyrgyz folk games ...; Chuisky, ideological. Kırgız Türklerinin Bir Savaş Oyunu... – ss. 52-67; J.B.
3. About Kyrgyz folk games: Simakov G.N. Zhaparov A.3. Ilebaev A.K. Games and entertainment... - pp. 380-390
4. See: Rysmendeeva, N. Kyrgyz Games. -- B. 101-117.
5. Karataev O. Eraliev S.B. Dictionary of Kyrgyz Ethnography-B.240.
6. See about the toponym "Ordo": Ancient Turkic Dictionary. - p. 370; Choroev T.K. Toponymic data of Mahmud Kashgari... - p.107–144; Bosworth, C.E. and Morgan, D.O. Capacity.B.
7. Zhusyup Mamai, 2014. - B. 154; other variants used are presented in the list of references.
8. SeeAlso. A Note on The Geographical Location of Jiankun...– P. 01-05.
9. In the field of the epic ”Manas", see: Moldobaev I.B. "Manas" - historical and cultural...; Chynybayev B. S. Historical and ethnographic aspects of the study of the epic..; D.B.
10. Yunusaliev B.M. Selected works. - B.395.
11. SeeAlso. Places; Attokurov S. Kyrgyz Genealogy, 1995; G.B.
12. M.T.Abdullaev has published a number of works in this field. We thank him for the generosity he has given to his articles.
13. For more information about folk sports games, see: Saralaev M.K., Azizbaev S.S. History of physical culture and sports...; Tagaev M.I. Development of physical culture and sports.
14. Mambetakun. The open Greco-Roman wrestling championship was held in the city of Kara-Balta. - B. 26.
15. A.A. Sariev I. A.-President R. Otunbayeva.K. The origin of the Kyrgyz, the area of distribution.
16. A fitness room has been opened in the city of Kara-Kul, Jalal-Abad region. The Horde. 1992.
17. The Law of the Kyrgyz Republic on National Sports,Side 84 Bishkek, dated April 21, 2003 - URL: www.sport.gov.kg